# Мукамбет Мамбетов атындагы орто мектебинин 2021-2022-окуу жылына карата соцпедагогдун ишине анализ.

**Социалдык педагогдун иши бул мектепте чөйрө менен баланын, мугалим менен баланын, ата-эне менен баланын ортосундагы арачы болуп саналат.**
**Милдеттери: Жалпы билим берүүчү мектептерде соц педагог бала менен үй бүлөнүн , социалдык чөйрөнүн, социалдык кызматтардын, ведомстволорду, укук коргоочу жана админстративдик органдардын ортосунда арачы катары иш жүргүзүп, турмуш-тиричиликтин орчундуу маселелерин чечүүдө балдардын кызыкчылыктарын коргойт.**

Мукамбет Мамбетов атындагы орто мектептин 2021-2022-окуу жылына карата, соц педагог иш алпарды.

2021-2022-окуу жылына карата Сентябрда жылдык план кабыл алынган.Андан тышкары айлык,жумалык пландар кабыл алынып иштелип турат.Кабыл алынган план боюнча мектепке келген 1-класстардын окуучуларынын социалдык паспорттору түзүлдү,андан тышкары жаңы келген жаш мугалимдер,тех кызматкерлердин арасында социалдык паспортору толукталды. Жыл башында мектеп окуучуларынын соц паспорттору жаңыланды. Мектеп окуучулардын социалдык абалын тактоо диагностикасы жүргүзүлүп, класс жетекчилер менен бирге жарым-жартылай жетим ,мигрант ата-энелердин жана окуучулардын,андан тышкары ажырашкан, ошондой эле чыр-чатак чыгарган көп ичкен үй-бүлөлөрдүн тизмелери такталды.

**Жалпы мектептеги балдардын саны – 0-11- класстар боюнча 434 окуучу түздү.**

| № | Окуучулардын жалпы саны | 434 |
|---|---|---|
| 1 | Толук жетимдер | 1 |
| 2 | Жарым жетимдер | 22\9 |
| 3 | Ден соолугунан мүмкүнчүлүгү чектелген балдар | 4/0<br>Камчыбек уулу М<br>Көбөгөнов Н,<br>Жанарбеков Н<br>Сапарбеков Б |
| 4 | Ата-энеси майыптар | - |
| 5 | Аз камсыз үй -бүлөлөр | 7 |
| 6 | Көп балалуу | 17 |
| 7 | Толук эмес үй -бүлөлөр ( кооптуу, ажырашкан үй-бүлөлөр) | 29 |
| 8 | Малчылардын балдары | 20 |
| 9 | Тышкы мигранттар | 15/9 |
| 10 | Ички мигранттар | 14/5 |
| 11 | Жалпы мигрант | 29/14 |

Жашы жете элек өспүрүмдөр менен иштөө бөлүмүнүн кызматкерлери мектеп окуучуларынын кылмыштуулукту, укук бузууну алдын- алуу боюнча түшүндүрүү иштери, турмуш-шарты оор балдардын, миграцияда ата-энелердин балдарынын үйүнө айыл аймактык

социалдык коргоочу менен айыл ичин кыдырып, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү. Мигрант ата-энелерден доверенность , мыйзамдуу өкүлдөрдөн милдеттенме,алардын тастыктоочу документтери тиркелди  Ошондой эле кооптуу үй-бүлөдөгү окуучулар менен иштеп, мектептин ички көзөмөлүнө  Желденов Минжашар, Канатов Белек, Азизова Лейли аттуу окуучуларды педсоветтин чечими менен киргизилди.

Октябрь айында түзүлгөн иш пландын негизинде  ИДН кызматкерлери жана А/Ө боюнча соц адистер, соц педагогдор  менен биргеликте ата-энеси  мигрант,балага  жооптуу болгон адамдардын үйлөрүнө кыдыруу жүргүзүлдү , балдардын жашоосу менен толук таанышуу болду  ал адамдар менен маектешүүлөр, түшүндүрүү иштери болду.  8-9-10-класстардын окуучулары менен айылдагы кары картан , жардам берээр балдары жок үйлөргө барып мөмө жемиштерин терүү жумуштарына жардамдар болду. “ Рекетчилик, Кылмыштуулуктун  ” алдын алуу боюнча   6-11-класстар арасында  ангемелешүү жүргүзүлүп, ага ИДН кызматкерлери соц.педагог, тарбия иштери боюнча уюштуруучу  катышты .

Ноябрь айында түзүлгөн иш план боюнча  Кылымыштуулуктун алдын-алуу боюнча ИДН кызматкерлери менен биргеликте күндүзгү жана түнкү рейддер жүргүзүлүп турду. “Зордук-зомбулуксуз жашоо”- деген темада 9-10-класстарга лекция окулду. Класс жетекчилер тарабынан кылмыштуулукту жана суицидди алдын алуу боюнча ар бир класска ачык тарбиялык сааттар, класстык сааттар, ата-энелер чогулушунда жана “Энелер мектебинин” алкагында өтүлгөн чогулуштарда өтүлдү. Зордук зомбулуксуз мектеп окуучуларга анонимдүү сурамжылоо жүргүзүлдү.

Мектепте налог салуу жок деп 81% окуучу жооп берди, 10% окуучу кээде болот майда бир нерселерди алдыруу болот дешти. 8% окуучу билбейм деп жооп беришти. Ал эми майда нерселерди талап кылган окуучулар менен жекече сүйлөшүүлөр жүргүзүлдү. Мектептен себепсиз калган окуучулар менен класс жетекчилер тезинен кабардар болууга милдеттендирилип, калуу себептери  такталып турду жыл ичинде.Ошондой эле  Кыздар үчүн “Кызга кырк үйдөн тыюу”, “Дени сак-кыз, дени сак- өлкө” аттуу кыздар уюму  АДК кызматкерлери менен тегерек стол уюштурулду.

Декабрь айы үчүн 1-декабрь СПИДге каршы күн. “Наркомания ВИЧ ти чакырат” 6-11-класстар жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша дубал газета, буклеттер, ачык тарбия сааттар, класстык сааттар, КВН өтүлдү.

“Арак, насывай, тамекинин зыяндуулугу” БӨУ нун мүчөлөрү диспут өтүштү. “Менин укуктарым, милдеттерим” ар бир окуучудан анкета алынды.

“Бактылуу Балалык кербени” аттуу айлык өтүлдү.Мында “Адептүү баланын өзгү ата-энеден”аттуу ата-энелер чогулушу, спорттук мелдештер,”Мен эмнеге кызыгам” кыздар арасында кол өнөрчүлүк  мелдеш, “Стрессиз жашоону үйрөн” Ачык тарбия саат 7-класска кл жетекчиси Исакбекова Г өттү.

Январь айы үчүн. Ата-энелер чогулуштары өтүлдү. Жол эрежени бузба, Жөө жүрүү эрежелери ГАИ кызматкерлери менен 1-7 класстын окуучуларына түшүндүрүү иштери болду.

Февраль айы үчүн:

Окуучулар менен аскердик патриоттук сезимдерин ойготуу боюнча Авган жоокерлери менен жолугушуулар, 8а, б класстар ортосунда жылда болуп туруучу мелдеш, класс аралык спорттук мелдештертер өтүлдү. Улахол айыл өкмөтүнүн соц кызматкерлери менен кызматташуулар болду

Февраль март айында Зордук-зомбулукту алдын алуу боюнча айлыкка мектеп чон иш чара өтүлдү.  Бардык көйгөйлөрдү камтуу менен даярдалган театр форум өтүлдү. Ага Улахол айыл өкмөтүнө караштуу мектеп окуучуларын ынтымактуу болуу максатында да алар менен

жүрүштөрдү уюштурдук . Ошондой болсо да 2021-2022-окуу жылдарында 2 окуучу өз жанын кыйышкан 2 окуучу тен мугалим энелердин балдары муктаждыктары жок мал жандуу үй бүлөлөрдөн . Токторов Нурлан 6-класстын окуучусу техникага кызыккан атасы балдарынын керектөөсүн камсыз кылчу , коомдук иштерге активдүү катышкан мүнөзү ачык, сабагын ортодон жогору окуучу ага себеп чейрек жакындаганынан атасы телефонуна бирдик салган эмес . Ошентип 2021-жылдын 22-март күнү үйүнүн чатырынан табышты. 2022-жылдын 30-апрелинде 11-класстын окуучусу Турсунбеков Нурел да өз жанын кыйды . Бул окуучу да толук үй бүлөдөн апасы мугалим, коомдук иштерге активдүү катышкан предметтик олимпиадага катышкан спорттун волейбол түрүндө курама команданын мыкты оюнчусу райондук, областтык женүүчүсү, Республикалык спартакиадага барган аткан. Зордук зомбулукка карата зона арасында өткөрүлгөн театр форумда милициянын ролун аткарган окуучу болчу. Өз жанын кыюуларынын себептери такталган жок.
Сабакка тартылбаган, сабактан себепсиз калган окуучулар менен сүйлөшүп, окуучулар арасында анкеталар жүргүзүлдү. Проблемасы бар үй-бүлөлөргө барып кабар алынып турду.

Апрель айында “Диний экстремизм боюнча” лекциялар өтүлдү.Тартип бузган окуучулар менен убагында түшүндүрүү иштер болду. Үйлөрдү кыдыруу өз убагы менен болуп жатты.

Май айында

Кесип тандоого туура багыт берүү иштерин жүргүзүү,

Окуу жайдан келген өкүлдөр менен бүтүрүүчүлөрдү жолугуштурууну уюштуруу иштери болду.

ЖӨИ нин кызматкерлери менен окуучуларга каникул учурунда коопсуз эрежелерди сактоого, ата-энелер менен келишимдерди түздүрүү болду